**Тиркеме**

Кербен шаардык кеңешинин 2026-жылдын 25-майындагы кезектеги он бешинчи сессиясынын №15/1 токтому менен бекитилген

**Кербен шаардык аймагындагы « Элеттик аялдардын күнүн » белгилөөнүн жобосу**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо «Элеттик аялдардын күнү» өткөрүү аркылуу аялдардын коомдогу ролун жогорулатууну аныктайт.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде иштелип чыккан.

**2.Максаты жана милдеттери**

Бул Жобонун максаты жана милдеттери – Кербен шаарындагы аялдардын коомдогу ролун жогорулатууга көмөктөшүү, кесиптик билимин жогорулатуу аркылуу жумуш орундарын түзүүгө шарт түзүү болуп саналат.

**3. Аялдарды иш менен камсыздоо максатында мэрия төмөнкү иш чараны камсыздайт:**

3.1. Ар түрдүү кесиптик окууларды уюштуруу.

3.2. Өнөрлөрүн өнүктүрүү үчүн көргөзмө өткөрүүгө көмөктөшүү.

- 3.3. Жаш кыз-келиндердин окуу курстарынын чыгымын төлөп берүү.

**4. Элеттик Аялдар күнүн өткөрүүнүн тартиби**

- 4.1. Элеттик аялдар күнү жыл сайын 18-июнда маданият үйүндө өткөрүлөт.
- 4.2. Иш-чаранын программасы төмөнкү бөлүктөрдү камтыйт:
  Расмий бөлүк.
- Кербен шаарынын мэри, Кербен шаардык кенештин төрагасы
  келген меймандарды куттуктайт.
- Гимн.

**5. Маданий бөлүк**.

- Зууракан Кайназарова жөнүндө спектакль, концерттик программа.
- Кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөсү.

**6. Уюштуруучу**

6.1. Иш-чараны уюштуруу райондук мамлекеттик администрация, шаардык мэрия тарабынан түзүлгөн атайын уюштуруучу комитетине жүктөлөт.

- 6.2. Уюштуруучулар сценарий иштеп чыгат.
- 6.3. Иш-чараны каржылоо жергиликтуу бюджеттен каралат.

**7. Корутунду жоболор**

- 7.1. Бул жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кербен шаардык кенешинин чечимдери менен киргизилет.
  7.2.Жобо бекитилген кундөн күчүнө кирет.

**Кербен шаардык**
**кеңешинин жоопту катчысы:** ______________ **Ж.Омуралиев**